«Бекитемин»
И.Арабаев атындагы КМУнун ректору
А.Т. Абдраева
«17» 10 2022-ж.

**И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо И. Арабаев атындагы КМУнун кызматкерлерине, окутуучулук - профессордук курамына окуу жайдын сыйлыктарын ыйгаруунун шаардык, областтык, ведомстволук, мамлекеттик сыйлыктарга сунуштоонун тартибин жана талаптарын аныктайт.

1.2. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары – окуу жайга маанилүү жеке салым кошкон адамдардын сиңирген эмгегин баалоонун, даңазалоонун, ошондой эле чыгармачылык менен иштөөгө дем берүүнүн, шыктандыруунун формасы болуп саналат.

## 2. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары

2.1. И. Арабаев атындагы КМУ курамдык бөлүмдөрдүн кызматкерлерин сыйлоо үчүн төмөнкү сыйлыктарды чектейт:

1. Акчалай сыйлык;
2. Ыраазычылык;
3. Ардак грамота;
4. “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери” төш белгиси;
5. “И. Арабаев атындагы КМУнун илимдеги эмгеги үчүн”;
6. “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек каарманы”.
7. И. Арабаев атындагы КМУнун “И. Арабаев атындагы атайын сыйлыгы”.

2.2. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктарынын аталыштары мамлекеттик тилде жазылат.

2.3. И. Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сыйлыктарды кароо боюнча туруктуу комиссия түзүлөт. Комиссиянын курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

2.4. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыгына көрсөтүлгөн, комиссия тарабынан жашыруун добуш менен анын мүчөлөрүнүн үчтөн эки бөлүгү колдогон талапкер Окумуштуулар кеңешинде каралып, чечим чыгарылат, ал КМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

2.5. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыгына талапкерлер жылына 3 жолу салтанаттуу түрдө төмөнкү даталуу күндөрдө сыйланышат:

- ***Билим берүү кызматкерлеринин, атап айтканда, Мугалимдер күнүндө* (5- октябрь);**
- ***Университеттин маарекесинде;***
- ***Илим күнүндө (10-ноябрь);***
- ***Жыл жыйынтыгына карата(25-декабрь).***

## 3. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары менен сыйлануучуларга коюлуучу талаптар

***И. Арабаев атындагы КМУнун Акчалай сыйлыгы менен сыйланышат:***
- окуу жайда 3 жылдан кем эмес эмгектенген, университеттин, факультеттин, колледждин, кафедранын ишмердүүлүгүнө активдүү катышкан, педагогикалык, илимий, маданий, спорттук жана тарбиялоо ишинде айырмаланган, чыгармачыл дарамети жогору окутуучулар жана кызматкерлер;
- окуу жайында көп жыл ийгиликтүү эмгектенип, 50, 60, 70, 80 жана андан жогорку жашка толгондор;
- илимий-педагогикалык автордук окууларды, лекцияларды, семинарларды ж.б. жогорку деңгээлде уюштуруп, коомдук резонанс жараткандар;
- студенттерге окуудан сырткары өткөрүлгөн иш-чараларды (жеке чыгармачылык кече, концерт, көргөзмө, мелдеш ж.б.) эң жогорку деңгээлде уюштурган жана И. Арабаев атындагы КМУнун коомдук беделин көтөргөндөр.

## 4. *И. Арабаев атындагы КМУнун Ыраазычылыгы*

А) Окумуштуулар кеңешинин чечими менен берилүүчү ***Ыраазычылык:***
- окуу жайда жалпысынан 3 жылдан кем эмес эмгектенген окутуучуларга жана кызматкерлерге берилет, эгерде сыйлануучу талапкер мыкты кесипкөйлүгүн көрсөтсө жана жогорку көрсөткүчтөргө жетсе, билим берүү тармагында мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырууга активдүү катышса, иши боюнча жаза албаса, студенттердин терең билим жана тарбия алышын камсыз кылса.

Комиссиянын сунушун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен ректор жарыялайт.

Б) Ректор тарабынан берилүүчү ***Ыраазычылык:***

- эл аралык, республикалык, ЖОЖдор аралык, университеттик деңгээлдеги иш-чараларды (конкурс, олимпиада, спартакиада ж.б.) ийгиликтүү уюштурса;
- жетекчилик тарабынан берилген тапшырманы жогорку деңгээлде аткарса;
- окутуу, тарбиялоо, илим-изилдөө ишинде ийгиликтерди жаратса.

## *5. И. Арабаев атындагы КМУнун Ардак грамотасы берилет:*

- университеттеги эмгек стажы, жалпысынан, 5 жылдан кем болбосо;

- илимде, окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүгүндө креативдүүлүгү, новаторлугу менен айырмаланса;
- окутуучулук ишмердүүлүгүндө төмөндөгүдөй жетишкендиктерге ээ болсо:
- окутуучу билим берген академиялык тайпалар сырткы экзаменатор тарабынан бааланып, 70% сапаттык көрсөткүчтөн кем болбосо;
- дисциплинаны, предметти окутуу боюнча окутуучуларды тандоодо студенттер эң көп жазылса (катталса);
- педагогикалык кесипке байланыштуу өткөрүлгөн ар түрдүү кароо-сынактардын ("мыкты лектор", "мыкты окутуучу", "мыкты куратор" ж.б.) жеңүүчүсү болсо;
- "Окутуучу - студенттин көзү менен" анкетасында студенттердин колдоосуна ээ болсо;
- Студенти олимпиаданын, универсиаданын жеңүүчүсү (областтык, республикалык, чет өлкөдө) болуп калса;
- илимий ишмердүүлүгүндө жетишкендиктерге ээ болсо;
- чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн конференцияларда билим берүү жана илимий багыттарда (Scopus, Web of Science) доклад жасап, макалалары жарыяланса;
- патенттелген илимий ачылыш жасаса;
- эл аралык же республикалык долбоорлор менен иштеп, И. Арабаев атындагы КМУга акча каражатын алып келсе;
- министрлик же көз карандысыз уюмдар тарабынан уюштурулган рейтингдерге катышса;
- акыркы 3 жылда квалификациясын жогорулатуу курстарына катышса;
- иши боюнча жаза албаган болсо.

**6. *"И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери", "И. Арабаев атындагы КМУнун илимдеги эмгеги үчүн" төш белгиси берилет:***

- Университеттеги эмгек стажы жалпысынан 15 жылдан кем болбогондорго;
- окуу программаларынын, окуу китептеринин, усулдук колдонмолордун автору болгондорго;
- окуу-тарбия процессинде алдыңкы жаңы методдорду жана инновациялык педагогикалык ыкмаларды, мастер-класстарды практикада колдонсо жана кесиптештеринин арасында жайылтса;
- билим берүүнүн сапатына кепилдик берүүчү ар түрдүү комиссияларда, жумушчу топтордо (көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин эксперти, эл аралык деңгээлдеги жалпы билим берүүнү реформалоо боюнча уюмдардын эксперти) активдүү ишмердүүлүктү көрсөтсө;
- илимий даражасы, илимий наамы болсо;
- ойлоп табуулары, илимий ачылыштары, монографиялары болсо;
- диссертациялык кеңештин мүчөсү жана кандидаттык, докторлук дисстертацияларга жетекчи болсо.

**7. “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек каармани” сыйлыгы берилет:**

- Университеттеги эмгек стажы жалпысынан 30 жылдан кем болбогондорго;
- окуу программаларынын, окуу китептеринин, усулдук колдонмолордун автору болгондорго;
- билим берүүнүн сапатына кепилдик берүүчү ар түрдүү комиссияларда, жумушчу топтордо (көз карандысыз аккредитациялык агенттиктердин эксперти, эл аралык деңгээлдеги жалпы билим берүүнү реформалоо боюнча уюмдардын эксперти) активдүү ишмердүүлүктү көрсөтсө;
- илимий даражасы, илимий наамы болсо;
- ойлоп табуулары, илимий ачылыштары, монографиялары болсо;
- диссертациялык кеңештин мүчөсү жана кандидаттык, докторлук дисстертацияларга жетекчи болсо

**8. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыгы”**

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети алгачкы агартуучу-илимпоз, XX кылымдын башында кыргыз тарыхынын жана маданиятынын калыптанышына эбегейсиз салым кошкон чыгаан педагог жана коомдук ишмер Ишеналы Арабаевдин урматына “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлык” уюштурат.

“И. Арабаев атындагы атайын сыйлык” өлкөнүн билим берүүсүнүн, илиминин, маданиятынын өнүгүшүнө зор салым кошкон илимий, илимий-методикалык иштери, жогорку, орто кесиптик окуу жайлары жана жалпы орто билим берүүчү мектептер үчүн жазылган жогорку деңгээлдеги окуу китептери үчүн берилет.

Сыйлыкка эки орун берилет:

1. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде иштегендерге;

2. Өлкөнүн билим берүүсүнүн, илиминин, маданиятынын өнүгүшүнө зор салым кошкон инсандарга.

Аталган сыйлык эки жылда бир ыйгарылат. Сыйлыкка сунушталган **инсандарга** “И. Арабаев атындагы атайын сыйлыктын” лауреаты деген диплом, атайын төш белги жана 100 000 (жүз миң) сом акчалай сыйлык тапшырылат. Сыйлык университеттин сыйлыгы болуп, аны каржылоону университет өзүнө алат.

Автордук топ тарабынан жазылган илимий эмгектер үчүн берилүүчү сый акы авторлор арасында тең бөлүнөт. Автордук топ үч кишиден ашпоого тийиш.

Сыйлыкка көрсөтүлгөндөрдүн маалыматтары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын

сыйлыгы” боюнча атайын комиссиясына жиберилет. Анда төмөндөгүдөй маалыматтар болууга тийиш:

- талапкер тууралуу маалымат;
- сунуш кылынган эмгектин деңгээлин аныктаган аннотация;
- ага карата массалык-маалымат каражаттарында жарыяланган пикирлер;
- сунуш кылынган мекеменин жолдомо каты;
- «Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыкка” көрсөтүлгөн конкурс жөнүндө жарыя республикалык массалык-маалымат каражаттарында ар эки жылда университеттин күнүнө карата жарыяланат.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыгына” көрсөтүлгөн илимий иштерге баа берүүнү Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору тарабынан түзүлгөн комиссия ишке ашырат.

Сыйлыкка көрсөтүлүүчү илимий иштерди кабыл алуу жөнүндөгү эксперттик комиссиянын чечими жыйынга катышкан комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен жашыруун кабыл алынат.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыгына” көрсөтүлгөн илимий иштер жарыкка чыккандан эки жылдан кийин сунушталат.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыгына” мурда мамлекеттик жана башка сыйлыктарга ээ болгон иштер кабыл алынбайт.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин “Ишеналы Арабаев атындагы атайын сыйлыгы” бир адамга бир эле жолу берилет.

## 9. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктарына сунуштоо боюнча демилге көтөрүүнүн тартиби

9.1. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктарына көрсөтүү жөнүндөгү сунушту курамдык бөлүмдөрдүн институттары, колледждери, деканаттары, кафедралары демилгелейт жана көрсөтүлүп жаткан сыйлыкка жараша ушул Жобонун талаптарына ылайыктап, өздөрүнүн Окумуштуулар же Педагогикалык кеңештеринин чечимин чыгарып, жетекчилерине бекиттирип, университеттин сыйлыктар боюнча комиссиясына жиберет.

9.2. И. Арабаев атындагы КМУнун кызматкерлери университеттин сыйлыктарына өзүн-өзү көрсөтө алат. Булар: университетте жетекчилик кызматтык орунда иштеген кызматкерлер, окутуучулар, кафедра башчылары, декандын орун басарлары, декандар, директорлор жана проректорлор. Талапкерлер ушул жободогу сунушталган сыйлыктын талаптарына ылыйык келсе, комиссия карайт.

9.3. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктарды кароо боюнча комиссиясынын катчылыгына окуу жайынын кадрлар башкармалыгынын башчысы дайындалат. Ал талапкерлер жөнүндөгү бардык материалдарды

каттоого, алардын буга чейин сыйлык алганын же албаганын өздүк маалыматтык базасынан аныктоого жана комиссиянын кароосуна алып чыгууга, комиссиянын чечими боюнча протокол даярдап, бардык комиссия мүчөлөрүн кол койдурууга, Окумуштуулар кеңешинин чечиминен кийин ыйгарылуучу сыйлыктарды даярдатууга (типографиядан чыгарууга ж.б.) милдеттүү.

9.4. Документтерди тапшыруу эрежелерин жана мөөнөтүн бузган, белгиленген тартипте даярдалбаган материалдар комиссиянын кароосуна алынбайт жана кабыл алынган бардык документтер кайтарылып берилбейт.

9.5. Комиссия зарыл болгон учурда көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө кошумча маалыматты суроо укугуна ээ.

9.6. Комиссиянын сыйлоо же сыйлоодон баш тартуу жөнүндөгү чечими боюнча даттануулар, арыздар мыйзам чегинде каралат.

9.7. Тартиптик жаза колдонулган кызматкерлерди сыйлыкка көрсөтүүгө, бул жазалар белгиленген тартипте алынып салынганга же жоюлганга чейин жол берилбейт жана ага көзөмөлдүк кылууга сунуштаган тарап милдеттүү.

9.8. Сыйлоого негизсиз сунуш берген жетекчилердин жоопкерчилиги каралат.

9.9. И. Арабаев атындагы КМУнун “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери”, “И. Арабаев атындагы КМУнун илимдеги эмгеги үчүн” сыйлыктары жана Ардак грамотасы менен бир гана жолу сыйланат.

9.10. Жеке адамдын юбилейине байланыштуу “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери”, “И. Арабаев атындагы КМУнун илимдеги эмгеги үчүн” сыйлыктары, Ардак грамотасы, Ыраазычылыгы сыяктуу сыйлыктар берилбейт.

9.11. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктарын ыйгаруу чектелет. Факультеттин, колледждин, структуралык түзүмдө эмгектенгендердин саны, жамааттын ийгилиги ж.б. эске алынат.

9.12. Комиссия сунуш кылган талапкерлерди И. Арабаев атындагы КМУнун ректору Окумуштуулар кеңешинин талкуусуна алып чыгып, анын негизинде жактырылган талапкерлерге гана И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары ыйгарылат.

9.13. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары сыйлык ээсинин өзүнө салтанаттуу түрдө тапшырылат.

9.14. И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыгы ыйгарылгандыгы жөнүндө маалымат сыйлануучунун эмгек китепчесине жазылат.

## 10. Сыйлыкка көрсөтүү убактысы жана кароо тартиби

10.1. “И. Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери” төш белгиси, Ардак грамота, Ыраазычылык, акчалай сыйлык менен сыйлоо үчүн тиешелүү документтер комиссиянын катчысына тапшырылуусу зарыл.

10.2. Комиссия окуу жайы боюнча университеттик, мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга көрсөтүлгөн талапкерлерден

келип түшкөн документтерди иликтеп, өз корутундусун ректордун кароосуна киргизүүгө тийиш.

10.3. Окуу жайынын ректору университеттик, мамлекеттик, ведомстволук, облустук, шаардык сыйлыктарга көрсөтүлгөн жана комиссиядан өткөн талапкерлерди И. Арабаев атындагы КМУнун Окумуштуулар кеңешинин жыйынында сунуштайт.

## 11. Сыйлыкка көрсөтүүдө комиссиянын өзгөчө учурларды кароо тартиби жөнүндө

И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктар боюнча комиссиясы **өзгөчө учурларда** Ардак грамота менен сыйлоого укуктуу (Республикалык сынактардан, мугалимдердин республикалык жана эл аралык масштабдагы өткөрүлгөн сынактарынан 1-2-3-орундун жеңүүчүлөрү; республикалык жана эл аралык олимпиадалардан, дүйнөлүк жана Азия оюндарынын жеңүүчүсү деп табылган студенттер, мугалимдер; республикалык же көз карандысыз рейтингдерде алдыңкы катарга чыккан кызматкерлер; билим берүү тармагынын өсүп-өнүгүшүнө, материалдык-техникалык базасын чыңдоого, жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги үчүн билим берүү тармагында эмгектенген башка кесиптеги адамдар; айрым жамааттар, алардын өкүлдөрү, уюмдар, чет өлкөлүк жарандар).

**И. Арабаев атындагы КМУнун сыйлыктары жөнүндө**
**Жобого тиркеме**

## Сыйлыкка корсотүү барагы

______________________________________________________________

1. Аты-жөнү

______________________________________________________________

2. Факультети (колледж ж.б.)

______________________________________________________________

кафедрасы

______________________________________________________________

(кызматы)

3. Туулган датасы __________ (күнү, айы, жылы)

______________________________________________________________

4. Туулган жери (облус, шаар, район, айыл)

______________________________________________________________

5. Окумуштуулук даражасы,окумуштуулук наамы______________________________________________

______________________________________________________________

6. Кандай сыйлыктар менен сыйланган жана сыйланган даталары
7. Үй-бүлөөсү ______________________________________________
8. Жалпы иш стажы ______________________________________________
   И. Арабаев атындагы КМУда иш стажы ____________________________
9. Сыйлыкка сунушталган адамдын конкреттүү салымдарын көрсөтүү менен мүнөздөмө

Талапкер______________________________________________________

______________________________________________________________

(уюмдун аталышы)

______________________________________________________сунушталды.

(талкуулоо датасы, протоколдун № ______________________)

| Жетекчи | Жамааттык органдын төрагасы |
|---|---|
| ________________________________ | ________________________________ |
| (колу) | (колу) |
| М.О. | М.О. |
| ________________________________ | ________________________________ |
| (аты-жөнү) | (аты-жөнү) |

_____- жылдын "___" ____________________